**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын IV-кезексиз сессиясынын**
**Токтому №8/7**

2025-жылдын 14-октябры — Жаңы-Арык айылы

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан каржылануучу дем берүүчү грантка жана Нарын облустук “Теңир-Тоо” өнүктүрүү фондунасунушталган долбоорлорду бекитүү жана өздүк салымын бөлүп берүүнү кароо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Куйручук-Кызарт айыл өкмөтүнүн башчысынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

**1.** Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан каржылануучу дем берүүчү грантка “Кызарт айылындагы “Чет-Булак-Шорго” автоунаа жолунун жээгине түнкү шам чырактарды орнотуу” жана “Куйручук айылынын ички жолдорунун жээгине күндөн энергия алуучу түнкү шам чырактарды орнотуу” долбоорлорунун иш кагаздары даярдалып сунушталсын;

**2.** Нарын облустук “Теңир-Тоо” өнүктүрүү фондуна “Базар-Турук айылындагы “Жаны-Арык” каналын бетондоо” жана “Куйручук айылындагы “Чолок” каналын бетондоо” долбоорлорунун иш кагаздары даярдалып сунушталсын;

**3.** Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан каржылануучу дем берүүчү грантка жана Нарын облустук “Теңир-Тоо” өнүктүрүү фондуна сунушталган төмөндөгү долбоорлордун өздүк салымы айыл өкмөтүнүн 2026-жылдагы жергиликтүү бюджетинин 2025-жылдын үнөмдөлгөн акча каражатынан төмөндөгүдөй бөлүнүп берилсин:

1) Кызарт айылындагы “Чет-Булак-Шорго” автоунаа жолунун жээгине күндөн энергия алуучу түнкү шам чырактарды орнотуу долбоору үчүн- 747056 сом;

2) Куйручук айылынын ички жолдорунун жээгине күндөн энергия алуучу түнкү шам чырактарды орнотуу долбоору үчүн - 496506 сом;

3) Базар-Турук айылындагы “Жаны-Арык” каналын бетондоо долбоору үчүн – 154396,49 сом;

4) Куйручук айылындагы “Чолок” каналын бетондоо долбоору үчүн – 122788,08 сом;

**4.** Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Э.Жусуповго милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Уланбек уулу Жыргалбек**